**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А.А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**К. КАРАСАЕВ атындагы**
**БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 09.19.591**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 7.03(575.2)(043.3)**

**МУРАТБЕК КАСЕЙ**

# САЛТТЫК МУЗЫКАЛЫК АТКАРУУЧУЛУК ӨНӨР КЫРГЫЗСТАНДЫН МАДАНИЯТ СИСТЕМАСЫНДА

**24.00.01 – маданияттын теориясы жана тарыхы**

Маданият таануу илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2021**

Диссертациялык иш К.Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын “элдик ырдоо” кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Дюшалиев Камчыбек Шаменович** искусство таануу илимдеринин доктору, К.Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын кыргыз жана дүйнөлүк музыкалык маданият кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттери:** **Уметалиева Чынар Темиркул кызы** маданият таануу илимдеринин доктору, КР УИАнын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун маданият жана искусство таануу бөлүмүнүн башчысы

**Садыкова Гүлзат Эркинбаевна** маданият таануу илимдеринин кандидаты, Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин философия жана социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү мекеме:** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасы, дареги: 720024, Бишкек ш., Манас көч. 101.

Диссертациялык иш 2021-жылдын “14” - майында саат 13:00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтуна жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды, маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык дисертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д 09.19.591 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (Бишкек ш., Чүй проспектиси 265-а.), К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан (Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси, 27) жана диссертациялык кеңештин сайтынан www.fil.kg таанышууга болот. Коргоонун идентификатору: 256-059-5631, паролу: 19932510.

Автореферат 2021-жылдын “14” - апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, ага илимий кызматкер** **Ж. К. Асанов**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстанда эгемендүүлүктү алуу менен, байыркы элдин тарыхы, маданияты, көркөм өнөрчүлүгү коомчулукта бүгүнкү күнгө чейин өтө жандуу кызыгууларды пайда кылып келүүдө. Учурда, көркөм өнөр тармактарынын биринен болгон элдик музыкалык аткаруучулуктун тарыхыйлыгынын, салттуулугунун, өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн руханий баалуулугун системалуу түрдө өздөштүрүү этномаданияттык илимий негиздеги максаттар менен, билим берүүнү актуалдаштыруу шартында принципиалдуу мааниге ээ. Ошондуктан, биздин изилдөөбүздүн актуалдуулугу кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын салттуулугунун сакталышынын маанилүүлүгү, ошондой эле Кыргызстандын маданият системасындагы анын ордун жана өзгөчөлүгүн максаттуу багытта өздөштүрүү менен шартталган.

Кыргыз элдик музыкалык аткаруучулугуна XIX кылымдын экинчи жарымында, XX кылымдын башында көптөгөн тарыхчы-изилдөөчүлөр, саякатчылар, музыка таануучулар, фольклорчулар, археологдор, этнографтар кайрылып келишкен. Алсак, В.В. Радлов (1885, 1995), В. В. Бартольд (1995), Н. Северцев (1873), И. Я. Бичурин (1950), Н.А.Аристов (2001), Ч. Валиханов (1958, 1985, 1995), П. Семенов-Тянь-Шанский (1946), С. М. Абрамзон (1971, 2013) ж. б. айтууга болот. Ал эми, кыргыз элдик музыкасы боюнча А. Затаевич (1971) жана В. С. Виноградов (1939, 1958, 1961, 1962, 1971, 1974) эң алгачкылардан болуп, музыкалык талдоонун (ладдык түзүлүшү, музыкалык стили, формасы, аткаруучулук маданияты ж. б.) негизинде кыргыздардын тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрүн жүргүзүшкөн. Мындай изилдөөнүн уландысы катары бүгүнкү күндө К.Ш.Дүйшалиевдин (2007, 2012), Ч.Т. Уметалиеванын (2008, 2016), С.Субаналиевдин (1991), Р. Аманованын (2018) эмгектерин эсептесек болот.

XX кылымдын аягы менен (1990) кыргыз элинин тарыхына, маданиятына көңүл буруу абдан маанилүү болду. Бул жылдары бир катар эмгектер, макалалар басмадан жарык көрдү. Мындай көрүнүш элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүнө (ырчылык жана аспаптык) көңүл буруугa өзүнүн көмөгүн көрсөтпөй койгон жок.

Буга чейин, элдик музыка боюнча, анын тарыхы жана классификациясы каралып келгендигин билебиз. XXI кылымдын башында элдик музыкалык аткаруучулуктун салттуулугу өзүнүн өсүп-өнүгүү жолунун жаңы барагын ачты. Көркөм өнөрдүн башка тармактары сыяктуу эле, элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятын кандайдыр бир илимий негизде иликтөөгө шарттар түзүлдү. Ошондуктан, акыркы жылдардан бери элдик музыканын тарыхый-маданият таануучулук менен

байланышкан өзгөчөлүктөрү жаңы илимий-теориялык деңгээлде каралуусу калыптана баштады (мисалы, Ч. Т. Уметалиева “Кыргыздардын этногенези: музыка таануу аспекти”, 2016).

Жогоруда айтылгандардын бардыгы илимий-теориялык маанилүүлүктүн жана изилдөөнүн аталган темасынын практикалык актуалдуулугунун жогорку даражасын негиздеп, анын тандоосун шарттайт. Козголгон маселелер элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөр маданияты жагдайына, аны системалуу түрдө талдоо боюнча диссертациялык теманы тандап алууга түрткү берди.

**Диссертациянын темасынын приоритеттүү илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимий академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун маданият жана искусство таануу бөлүмүнүн илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин башкы **максаты** болуп, маданият таануучулук талдоонун негизинде, кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын тарыхый өнүгүү жолунун өзгөчөлүктөрүн мүнөздөп ачып берүү, социалдык-маданий маанилүүлүгүн, аткаруучулук маданияттын өзүнө мүнөздүү белгилери сыяктуу маселелерин талдоо болуп эсептелет. Диссертациялык ишти аткарууда каралган максаттарга байланыштуу төмөндөгүдөй бир катар **милдеттер** коюлган:

1. Элдик музыкалык аткаруучулук өнөр – Кыргызстандын маданиятынын негизги тармактарынын бири экендигин көрсөтүү. Элдик музыкалык аткаруучулук менен маданияттын өз ара байланыштары жана эриш-аркакта өнүгүүсүн ачып берүү;
2. Кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын өнүгүүсүнүн тарыхыйлыгын, калыптанып өнүккөн салттуулугун, башка элдердин (казак, өзбек, түркмөн, тажик, татар, уйгур ж. б.) музыкасынан айырмаланган өзгөчөлүктөрүн жана белгилерин көрсөтүү;
3. Элдик ырчы-обончулук өнөрүнүн өнүгүүсүндөгү актуалдуу маселелерин жана төкмө-акындык өнөрүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле аталган өнөрлөрдүн салттуу түрдө бир муундан экинчи муунга өтүп өнүгүүсүн маданият таануучулук аспектиде кароо.
4. “Манас” эпосунун дүйнө жүзүндөгү эң көлөмдүү оозеки-поэтикалык чыгарма катары эсептелишин, манасчылардын айтуучулук

касиетинин аныктыгын, "Манас" эпосун кыргыз элинин "Улуу мурасы" катары кароо жана манасчылардын айтуучулук маданиятын ачып берүү;

5. Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн фольклордук жана профессионалдык салттуулугун кароо. Анда байыркы күүлөрдүн салттуулугу, түрдүү мүнөздүүлүгү жана көп жанрдуулугу. Элдик аспаптардын байыркылыгы, түрдүүлүгү, элдин жашоосу менен бирге өсүп өнүгүүсүн жана бүгүнкү күндө академиялык аткаруучулугун көрсөтүү.

**Иштин илимий жаңылыгы** элдик музыкалык аткаруучулук өнөрү боюнча төмөнкү маселелердин эң алгачкылардан болуп каралуусу менен аныкталат:

- Кыргызстандын маданият системасындагы элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн маданият таануу изилдөөлөрүнүн объектиси болуп каралуусу;
- элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн маданият таануучулук менен байланышкан эң алгачкы атайын изилдөөлөрдөн болуп эсептелет. Анда элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын салттуулугу, өзгөчөлүктөрү жана өзүнө гана мүнөздүү белгилеринин көрсөтүлүшү;
- элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхый-маданий контекстинде көрсөтүлүүсү менен, аткаруучулуктун формаларына, салттуулугуна, тарыхыйлыгына, жекечелүүлүгүнө, элдиктүүлүгүнө, өзгөчөлүк айырмачылыктарына маани берилиши;
- элдик ырлардын, залкар ырчы-обончулардын (Муса Баетов, Атай Огонбаев, Асек Жумабаев, Мыскал Өмүрканова ж. б.) жана төкмө-акындардын (Токтогул, Эсенаман, Жеңижок, Барпы, Осмонкул ж. б.) кыргыз радиосунун алтын казынасына жазылып алынган ырларын, айтыштарын, күүлөрүн эң алгачкыдан болуп нотага түшүрүү менен, алардын ар бирине мүнөздүү келген аткаруучулук ыкмалары, стилдери, өзгөчөлүктөрү, айырмачылыктары каралды;
- элдик музыкалык аткаруучулугунда, аспаптык аткаруучулуктун эки салттуу түрүнүн: фольклордук жана профессионалдык аткаруучулугун ачып берүү. Элдик ыр-күүлөрдүн фольклордук музыканын негизи катары эсептелиши. Алардын элдик профессионалдык аткаруучулуктун эң баалуу булактарынан болушу. Элдик ырчы-обончулук, төкмө-акындык, оозеки-поэтикалык жана аспаптык аткаруучулук өнөрлөрүнүн профессионалдык деңгээлде өнүгүүсүн ачып берүү көрсөтүлдү.

**Алынган натыйжалардын теориялык жана методологиялык маанилүүлүгү.** Диссертацияда маданият таануу, музыка таануу, музыкалык этнография, фольклор, музыканын тарыхы, аткаруучулук маданият ж. б. сыяктуу илимий маалыматтар пайдаланылды. Ошондуктан, элдик салттуу

музыкалык аткаруучулук маданиятынын тарыхый өнүгүү жолунун калыптануу процессинин ар тараптуу изилденүүсүнө багытталган диалектикалык метод колдонулган. Буга ылайык каралган маселелерди даректүү материалдарда изилдөөгө багытталган системалык методу кирет. Мында изилдөөнүн жекелик методу менен айкалышта маданият таануучулук жагдайы да эске алынган.

Изилдөөнүн **теориялык** жана **методологиялык** мааниси төмөнкү натыйжаларда турат:

- изилдөөнүн негиздерине салттык музыкалык аткаруучулуктун методдору жана элдик музыкалык аткаруучулук өнөр маданиятын өздөштүрүүдө, маданият таануунун илимий принциптери киргизилди;

- маданият таануу илимине кирген элдик салттуу музыкалык аткаруучулук жана чыгармачыл ишмердүүлүк менен байланышы илимий изилдөөнүн өзгөчө тармактарына кирет. Ошондуктан, элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятынын элементтери, түрлөрү, мүнөздөрү, белгилери ж. б. сапаттары маданият таануучулук көз караштa ачып көрсөтүлөт;

- салттык музыкалык аткаруучулукта шык-жөндөм, аткаруучулук чеберчилик жана аткаруучулук маданияттын бири-бири менен тыгыз байланыштуулугу, салттуу түрдө өнүгүүсү белгиленди. Тарыхый-маданий процессиндеги “устат-шакирттик” жана элдик профессионалдык аткаруучулуктун өз ара байланыштарын жана өзгөчөлүктөрүн ачып берүү;

- кыргыз элинин салттык музыкалык аткаруучулугунун Борбордук Азиядагы түрк тилдүү элдеринин музыкасы менен болгон айырмачылыктарын, байланыштарын, өзүнө мүнөздүү белгилерин, өзгөчөлүктөрүн кароо;

- изилдөөдө элдик ырчылык жана аспаптык аткаруучулук өнөр маданиятынын маселелери боюнча, кыргыз жана чет элдик музыка таануучулардын, маданият таануучулардын, этнографтардын, тарыхчылардын жана фольклористтердин (кыргыз элинин тарыхый өнүгүүсү тууралуу В. В. Бартольддун, А. Н. Бернштамдын, В. В. Радловдун, С. В. Киселевдун, М. Ауэзовдун, В. М. Плоскихтин, ж. б.) эмгектери өзгөчө маанилүү болду. Ошондой эле, В. С. Виноградовдун, А. В. Затаевичтин, В. М. Беляевдин, К. Ш. Дүйшалиевдин, Ч. Т. Уметалиеванын, В. В. Янковскийдин, С. Субаналиевдин, Б. Алагушевдин ж. б. кыргыз элдик музыкасы боюнча жазылган эмгектерине таянуу жасалды.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**. Диссертация кыргыз элдик ырчы-обончулук, төкмө-акындык, оозеки-поэтикалык жана аспаптык аткаруучулук маданиятынын тарыхый өнүгүүсү жана өзгөчөлүктөрү боюнча маселелерин комплекстүү окуп-өздөштүрүү

материалы боло алат. Диссертациянын материалдары, теориялык жана идеялык принциптери, натыйжалары, ноталык мисалдары элдик ырчы-обончулук, төкмө-акындык, оозеки-поэтикалык жана аспаптык аткаруучулук өнөрлөрүнүн тарыхы, музыка таануу, аспап таануу, маданият таануу, фольклор, этнография ж. б. илим-изилдөө ишмердүүлүктөрүндө колдонууга болот. Заманбап музыкалык маданият таануучулук илимий жыйынтыктарга негизделген материалдар ар кандай маданият, искусство жана музыкалык тармактарын изилдөөдө пайдаланууга көмөк берет. Музыкалык, маданият жана искусство орто жана жогорку окуу жайларында атайын курстар үчүн программаларын, окуу куралдарын даярдоодо, дарс окууда колдонууга болот. Маданият, искусство жана музыка тармагындагы өткөрүлүүчү илимий-практикалык иш-чараларда: форумдарда, конференцияларда, семинарларда, окуу-усулдук иштерде көмөгүн берет.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору**:

1. Элдик музыкалык аткаруучулук өнөрү – кыргыз элинин көркөм өнөр маданиятынын негизги бөлүгүнүн бири. Элдик музыкалык аткаруучулук өнөрү музыкалык ишмердүүлүк менен аткаруучулук маданияттын эриш-аркак өнүгүшүнүн натыйжасы. Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятын изилдөө К. Молдобасанов атындагы Кыргыз Улуттук консерваториясынын жана Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин алкагында жүргүзүлдү;

2. Элдик музыка жана аткаруучулуктун ар бири тарыхый жолду басып өтүү менен, аткаруучулук маданиятынын жогорку формаларына чейин өсүп-өнүгүүсү. Аткаруучулук маданияттын башкы ыкмаларынан болуп, аткаруучулук шык-жөндөмдүүлүк деңгээли, төкмөлүгү (импровизациясы), чыгармачыл интерпретация процесси, эркиндиги жана маданияты эсептелет.

3. “Устат-шакирт” – элдик салттуу музыкалык аткаруучулук мектеби – оозеки профессионалдык аткаруучулугунун негизи болуп саналат;

4. Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүн изилдөөдө, маданият таануучулук илимине кайрылуу менен бирге, көркөм өнөрдүн башка түрлөрү сыяктуу эле, илим катары таанылып калыптануусу. Маданият таануу жана музыка таануу өз ара байланышта өнүгүү аркылуу, жаңы идеялардын, изилдөөлөрдүн жана талдоолордун улантылуусу;

5. Элдик музыкалык аткаруучулук маданият – бул анын көркөм образдуулук табиятын өздөштүрүүдөгү аткаруучулук менен окутуучулук процессинин жана натыйжасынын диалектикалык биримдиги. Анын өнүгүүсүн жеке эле тарыхый контекстинде гана эмес, маданият таануучулук аспектиде да кеңири кароонун керектиги.

6. Бүгүнкү күндө, башка илимий тармактардын катарында салттык музыкалык аткаруучулук маданияты боюнча талдоо жүргүзүү менен илимий деңгээлде кароо мезгили келди. Мындай маселенин козголушу менен, элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятынын илимий жактан изилденүүсүнүн калыптануусуна жана анын өнүгүүсүнө көмөк берүүгө шарт түзүлдү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Кыргызстанда маданият таануучулук боюнча, аталган багыттагы изилдөөнүн эң алгачкылардан болуп каралышы, элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын коомчулук менен байланышынын, өнүгүшүнүн илимий талдоолорунун негизиндеги натыйжалары, жоболору болуп эсептелет. Изилдөөнү жүргүзүү кыргыз элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятынын калыптануу жана өнүгүү маселелерине кошкон салымы болуп эсептелет. Сунуш кылынган изилдөө кыргыз маданият таануу илиминде салттык музыкалык аткаруучулук өнөрдүн системалуу каралышында биринчи болуп эсептелет.

**Изилдөө натыйжаларын апробациялоо**. Диссертациялык иштин негизги жоболору жана мазмуну бир катар илимий журналдарда (Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. Научно-теоретический журнал, № 9. Б.: 2016, с. 216; Наука, новые технологии и иновации Кыргызстана. Научно-теоретический журнал, № 12. Б.: 2016, с. 243; Наука, новые технологии и иновации Кыргызстана. Республиканский научно-теоретический журнал, № 2. Б.: 2017, с.157; Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. Илимий журнал, № 2 (42). Б.: 2017, 59-б.; Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. Илимий журнал, № 2 (42) – Б.: 2017, 67-б.; Universum: филология и искусствоведение. Научный журнал, № 6 (40). Москва, Изд. «МЦНО» 2017, 20-б.; Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. Илимий журнал, № 1 (44) – Б.: 2018, 98-б.; Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. Илимий-методикалык журнал, № 1 (44), Б.: 2018, 103-б.; Наука, новые технологии и иновации Кыргызстана. Республиканский научно-теоретический журнал, № 2, Б.: 2018, с. 201; Наука, новые технологии и иновации Кыргызстана. Республиканский научно-теоретический журнал, № 2, Б.: 2018, с. 207; КР Улуттук Илимдер Академиясынын кабарлары. Илимий журнал № 2, Б.: 2018, 117-б.; Наука и инновационные технологии. КР Улуттук Илимдер Академиясынын илимий жана маалымат журналы, № 2/2018 (7), 50-б.; Известия вузов Кыргызстана. Республиканский научно-теоретический журнал, № 3, Б.: 2018, с. 120; Проблемы науки. Научно-методический журнал, № 8 (32), Иваново, 2018, с. 64; КР Улуттук Илимдер Академиясынын кабарлары. Илимий журнал № 2, Б.: 2019, 109-б.); Научно-теоретический журнал “Наука, образование и култура”, № 9 (53). – М.: 2020,

с. 49-56. Российский импакт-фактор: 0,17 [elibraru.ru]; Научно-теоретический журнал “Наука, образование и култура”, № 10 (54). – М.: 2020, с. 45-50. Российский импакт-фактор: 0,17 [elibraru.ru]; эл аралык илимий-практикалык конференциялардагы докладдарда (Материалы II Международной научно-практической конференции «Традиционная культура и современное образование: проблемы, традиции, инновации (Абакан, 23-24 октября 2014г.), с. 25. (Традиционная культура и современное образование: проблемы, традиции, инновации. III Международная научно-практическая конференция. Россия, Абакан, 20-21 октября 2016, с. 11; Искусство маком и его роль в мировой цивилизации. Международная научно-практическая конференция. Узбекистан, Шахрисабз 6-7 сентября 2018, с. 62); Традиционная культура и современное образование: проблемы, традиции, инновации. IV Международная научно-практическая конференция. Россия, Абакан, 18-19 октября 2018, с. 20) чагылдырылган жана ошондой эле К. Молдобасанов атындагы КУКнын, Б. Бейшеналиева атындагы КММИУнин студенттерине окулган атайын курстар боюнча лекцияларда (“Кыргыз элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхы”, “Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхы”, “Кыргыз элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнө окутуунун усулу”, “Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуунун усулу”, “Аспап таануу”) апробацияланган.

Диссертация К. Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын «элдик ырдоо» кафедрасынын кеңейтилген отурумунда талкууга алынган.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмалардагы чагылуусунун толуктугу**. Иштин негизги жыйынтыктары жана жоболору 21 илимий макалада, алардын ичинен 8 макала чет элдик илимий журналдарда жана жыйнактарда жарык көргөн, ошондой эле музыкалык, маданият жана искусство тармагындагы орто жана жогорку окуу жайлары үчүн жазылган 3 окуу китебинде, 2 окуу куралында чагылдырылган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иштин структурасы изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келип, киришүүдөн, эки баптан, сегиз параграфтан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмегинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 209 бетти түзөт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** иштин жалпы мүнөздөмөсү берилип, иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу жана ал маселени илимий жактан кароо негизделген. Изилдөөнүн негизги маселелери, максаты жана милдеттери баяндалат. Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери жана

талдоонун ыкмалары аныкталып, коргоого коюлган жоболор көрсөтүлүп, эмгектин илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси аныкталган. Изилдөөгө коюлган темаларды иликтөөнүн негизги ыкмасы катары, изилдөөнү маданият таануу жагынан кароого жалпы негиздеме берилген.

Биринчи бап **"Музыкалык аткаруучулук өнөр менен маданияттын өз ара байланышы"** деп аталып, төрт параграфтан турат.

Биринчи баптын биринчи параграфы **"Музыкалык аткаруучулук өнөр – маданияттын маанилүү тармактарынын бири катары"** деп аталат. Маданият жана элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын өз ара байланыштыгы жана кээ бир маселелери боюнча жалпы маалымат берилди. Бул бөлүмдө маданият жана музыкалык аткаруучулук – булардын ар бири, адамзаттын жашоо-тиричилигиндеги эң маанилүү философиялык ой толгоолорду, ишмердүүлүктөрдү жүргүзүүнү өз ичине камтыгандыгы боюнча маалымданган. Булардын тегерегинде көптөгөн маданият таануучулук жана музыка таануучулук көз караштар, сындар, пикирлер, илимий жыйынтыктар диалектикалык тыгыз байланыштын топтолушу каралды. Маданияттын өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, элдин философиялык-эстетикалык ой толгоолорунан жана үрп-адатынын, салт-санаасынын, тилинин, дилинин, чарбачылыгынын, өнөрчүлүгүнүн ж. б. социалдык-тарыхый этаптуу өнүгүүсү белгиленет.

Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөр маданият таануу менен гана эмес, фольклористика, этнография, музыка таануу, социология, психология ж. б. илимдер менен байланышы каралды. Музыкант-аткаруучуга табиятынан аткаруучулук шык-жөндөмдүн берилиши, илгертеден шакирти устатын ээрчитип жүрүп, ырчылык же аспаптык аткаруучулук өнөрүн өздөштүрүү менен, анын аткаруучулук чеберчилигин өнүктүрүп, маданиятын да кабылдай билип, жогорку деңгээлге жеткириши тууралуу маалымдалат.

Музыкант-аткаруучунун жүрүш-турушунун маданияттуулугу, анын музыкалык аткаруучулук маданиятына да, өзүнүн таасирин тийгизбей койбойт. Жүрүш-туруш маданияты менен аткаруучулук маданияты, экөө бири-бири менен тыгыз байланышта. Эгерде, жаш музыкант-аткаруучунун жүрүш-турушундагы терс көрүнүштөр көндүм адатка айланган болсо, ага көңүл буруу менен жакшы сапаттагы мүнөздөрдү калыптандырууга көңүл коюу менен аракет жасабаса, аны сахналык маданиятка тарбиялоодо, бир топ кыйынчылыктар туулат. Анткени, сахналык аткаруучулук маданияттын да өзүнө мүнөздүү тартиби, талаптары, шарттары бар. Өзүнүн жүрүш-турушуна, баскан-турганына, дене боюн түз, тыкан, таза алып жүрүүгө аракеттенбесе, ал музыканттын андай мүнөзү, сахналык аткаруучулук

маданияттын талаптарын аткарууга көмөк бере албайт. Ошондуктан, жаш музыкант-аткаруучу адегенде музыка дүйнөсүнө кадам таштаган күндөн баштап эле, аны адеп-ахлакка тарбиялоо да талапка ылайык экендиги маалым. Алгачкы күндөн баштап эле, адеп-ахлакка, ыйманга, музыкалык-эстетикага тарбияланган жаш музыкант-аткаруучунун сахналык аткаруучулук маданиятка ээ болуусу жакшы калыптанат.

Бүгүнкү күндө элдик музыкалык аткаруучулук маданиятты жалпы коомдук аң-сезимталдуулуктун формасы катары гана кароо жетиштүү эместиги, жана аны аныктап, тактап, жеткиликтүү билүү үчүн, анын маданият таануучулук жагдайында ар жактуу байланыштуулугун камтып окуп-билип, өздөштүрүү зарылдыгы каралды.

Биринчи баптын экинчи параграфы **“Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятынын өнүгүүсүнүн тарыхый маанилүүлүгү”** деп аталат. Мында кыргыз элинин салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятынын маанилүүлүгү болуп, байыртадан берки тарыхый өнүгүүсү эсептелээри белгиленет. Бүгүнкү күндө элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн пайда болушу, калыптануусу, анын тарыхый өнүгүү жолу тууралуу маалыматтар өтө аз болсо да, буга чейин тарыхчы-изилдөөчүлөр ал жөнүндө кандайдыр бир деңгээлде тарыхый маалыматтарды берүүгө аракет жасашкандыгы көрсөтүлгөн.

Тарыхый даректерге таянуу менен, эзелтеден эле кыргыз элинин музыкалык-поэтикалык жанрларынын, төкмө-акындардын сабатмалуу төкмөлүк аткаруучулук күчтүү өнүккөндүгү, манасчылардын айтуучулук маданиятынын өзгөчөлүгү, ырчы-обончулардын аткаруучулук салттуулугу, ошондой эле, музыкалык аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн фольклордук жана профессионалдык жолунда өнүгүүсү боюнча маалыматтар берилет. Кыргыз элдик саттуу музыкалык (ырчылык жана аспаптык) аткаруучулук өнөрү тууралуу, ошондой эле элдик аспаптардын түрлөрүн, алардын элдин жашоо-тиричилигинде колдонулгандыгы жөнүндө XIX кылымдагы орус саякатчы-изилдөөчүлөрү жана этнографтары В. В. Радлов, В. В. Бартольд, П. П. Семенов-Тянь-Шанский, С. М. Абрамзон, Ф. В. Поярков, А. Н. Аристов ж. б. өзүлөрүнүн эскерүүлөрүндө жана эмгектеринде сүрөттөп көрсөтүшкөндөрү белгиленет.

Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятынын калыптанып өнүгүү жолун басып өткөн тарыхый этабы жана акыркы жылдардан бери анын өнүгүүсүн улантуусу менен изилдөөчүлүк багыт алышы каралат. Кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданияты, нечен кылымдар илгери жаралып, өнүгүү менен, эл ичинде сакталып келгендигине, тарых барактарынан учкай таанышуу жүргүзүлөт. Анткени, бабалардан калган элдик музыкалык аткаруучулук өнөр-мурасы, бүгүнкү күндө өркүндөп,

өсүп, эл ичинде кеңири таралып, жогорку аткаруучулук чеберчилик деңгээлге чейин жеткендигин айтууга болот. Кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын тарыхый өнүгүү жолун карап чыгуунун натыйжасында, аны төмөндөгүдөй этаптуу мезгилдерге бөлүүгө болот: I – этап, элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын алгачкы калыптануу мезгилинен баштап, XIX кылымга чейин; II – этап, XIX кылым ичи (1800-1880); III – этап, XIX кылымдын аягынан XX кылымдын башына чейинки мезгил (1880-1930); IV – этап, XX кылымдын ортосу (1930-1985); V – этап, XX кылымдын аягынан XXI кылымдын башына чейин (1985-2020) [Касей М. Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхы [Текст]. Окуу китеби. – Б.: 2015, 6-б.].

Кыргыз элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятынын өнүгүүсүнүн, жашоосунун шексиздигин, улуттук маданияттын көптөгөн формада чагылдырылуусу менен тарыхый өнүгүү тажрыйбасы жана келечектүүлүгү көрсөтүп турат. Учурда, элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын салттуулугун нукура калыптанган табиятын сактоо менен, жаңыча көз караште, жаңы формада, жаңы натыйжаларга жеткирилүүдө. Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхый өнүгүүсүнүн татаалдыгы жана көп кырдуу мүнөздөгү өзгөчөлүгү менен айырмаланган эволюциясын, комплекстүү келген көптөгөн маданий элементтеринин негизинде өздөштүрүлүүсүн элдик салттуу музыкалык аткаруучулугунун жаңы сапатынын калыптанышы жана өнүгүшү катары кароого болот.

Биринчи баптын үчүнчү параграфы **“Кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын салттуу түрдө өнүгүүсү”** деп аталат. Мында, элибиздин нечен кылымдарды карыткан жашоо-турмушунда, эне тили, адабияты, кол өнөрчүлүгү, алар менен катар музыкалык маданияты да өсүп-өнүгүп келгендиги, музыка эл ичинде салтка айланып, оозеки түрдө ооздон оозго, муундан муунга өтүп, бекем сакталып келгендиги тууралуу сөз болот.

Бул параграфта байыртадан өзүнүн өнүгүүсүн баштаган элдик музыкалык аткаруучулук маданияты, бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн салттуулугун сактап келүүсү, салт жөнүндө жана анын мыйзамченемдүүлүгү эмнеде экендиги ачып көрсөтүлгөн. Элдик ырчы-обончулук, төкмө-акындык, дастан айтуучулук жана аспаптык аткаруучулук өнөрлөрүн жаратып, сактап, аткаруучулук маданиятын өнүктүрүп, улам кийинки урпактарга калтыргандар – эл ичинен чыккан чыгаан музыканттар болгондугу айтылат.

Кенже дастандарга салыштырмалуу, улуу дастан «Манас» өзүнө гана мүнөздүү айтуучулук салттуулугу менен айырмачылыгы жана ал салттуулуктун негизинде, «Манас» дастанын, кандайдыр бир касиетке ээ

болуу менен, муундан муунга өтүп, эл ичинде эзелтеден бери өзүнө гана мүнөздүү айтуучулукта салт катары сакталып келүүсү, мындай салттуулукту ар бир манасчыдан кезиктире алганыбыз тууралуу сөз кылынат.

Улуулардын учугун улап, манасчылык, дастанчылык өнөрлөрү менен катар *ырчы-обончулук, төкмө-акындык, аспапчы-күүчүлүк* өнөрлөрүн бирдей алып жүрүү да, тарыхый-социалдык жашоо-тиричиликте салтка айлангандыгын элдик залкар музыканттардын чыгармачылык жана аткаруучулук өнөрлөрүнөн билебиз. Элдик ырчы-обончулар өзүлөрүнүн чыгармаларын ар кандай жанрларда жаратып, сактап, эл арасына жайылтып өнүктүрүшкөн. Таңдайынан бал тамган, ак таңдай төкмө-акындардын аткаруучулук репертуарынын негизин эл, жер, жашоо-тиричилик жөнүндөгү термелер, алым-сабак, айтыштар, кенже дастандар түзгөн. Ырчылар да, төкмө-акындар да элдик өнөрдүн аткаруучулук салттуулугун колдонушкан. Бул жагдайда, белгилүү музыка таануучу В. С. Виноградов: “Кыргыздарда жекече аткаруучулуктун салттуулугу кылымдардын түпкүрүнөн бери созулат. Тарыхый деректерге караганда, эзелки мезгилдерде эле, акындык-төкмөлүк жөндөмдүүлүккө ээ болгон ырчылар жана музыканттар болушуп, VI-VIII кылымдарда эле, алардын өнүгүүсү абдан жогорку деңгээлге жеткен”, - деп жазат [Виноградов В. С. Токтогулдун музыкалык мурасы [Текст]. – М.: 1961. – 5-б.]. Демек, эзелтеден эле кыргыз элинин музыкалык-поэтикалык жанрлары кеңири өсүп, ырчылардын обончулук салттуулугу, акындардын сабатмалуу төкмөлүк аткаруучулук маданияты күчтүү өнүккөндүгүн айтууга болот.

Биринчи баптын **“Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятынын өзүнө мүнөздүү белгилери”** аттуу төртүнчү параграфында кыргыз элдик музыкалык аткаруучулугундагы өзүнө гана мүнөздүү, байыртадан бери калыптанып, өнүгүп келген өзүнө гана мүнөздүү белгилери жөнүндө айтылат. Кыргыз элинин Борбордук Азия элдеринин (түрк, өзбек, түркмен, тажик, уйгур ж. б.) ичинен айырмаланган музыкалык аткаруучулук маданиятынын өзгөчөлүктөрү боюнча маалымат берилет.

XIII кылымда, Борбордук Азияда моңголдор бийлик жүргүзгөн. Бул мезгилдерде да кыргыз элинин музыкалык чөйрөсүнө монголдордун пентатоникалык (жарым тону жок, октава чегинде беш баскычты камтыган үндүк система) музыкасы таасирин тийгизе албагандыгын көрөбүз. Себеби, кыргыз элдик музыкасында пентатоникалык ладдык түзүлүшү кезикпегендигин музыка изилдөөчүлөр (В. С. Виноградов, Ч. Т. Уметалиева ж. б.) далилдешкендиги белгилүү. Бул жагдайда В. Радлов дагы кыргыз-кайсактардын (кыргыз-казак) музыкасына салыштырмалуу кара кыргыздардын музыкасынын айырмачылыктары, артыкчылыктары жөнүндө

мүнөздөп бергендигин көрөбүз. Элдик аспаптык музыканын ладогармониялык системасы аспаптын толгоосунун өзгөчөлүктөрү, ошондой эле тематизмдин мыйзамченемдүүлүгү жана чыгармалардын формасынын пайда болуусу менен шартталган. Кыргыз обон-күүлөрүнө мажорго умтулган жети баскычтуу диатоникалык ладдар мүнөздүү келгендиги белгилүү. Демек, кыргыз элинин салттык музыкасынын Борбордук Азия элдеринин музыкасынан айырмаланган жана өзгөчөлөнгөн өзүнө гана мүнөздүү белгилерин айта алабыз.

Кыргыз элинин салттуу музыкасынын байыртадан эле салттуу түрдө калыптангандыгы, өзүнө гана мүнөздүү ладдык түзүлүштө сакталып, өнүгүп келгендиги, алардын элдик музыкалык аткаруучулуктун формалары, стилдери жана аспаптары тууралуу В. С. Виноградовдун, К. Ш. Дүйшалиевдин, Ч. Т. Уметалиеванын, С. Субаналиевдин ж. б. эмгектеринен да ачык-айкын көрө алабыз. Окумуштуулардын эмгектери Борбордук Азия элдеринин ичинен кыргыз элинин музыкасынын өзгөчөлүктөрүн, өзүнө гана мүнөздүү белгилерин даана көрсөтүп турат.

Бир катар музыка таануучулар (мисалы, В. Беляев ыр-күүлөр боюнча: куплеттик формага жакындыгын, төкмөлүк-вариациялык түрүн, үч бөлүмдүү формага ээ экендигин; А. Слезко: варианттык-динамикалуу сыяктуу күү формасы, вариациялык жана рондо сыяктуу принциптеринин айкалышуусу, эки-үч бөлүмдүү форма белгилери ж. б.) кыргыз музыкасынын өзгөчө белгилери тууралуу эмгектеринде белгилешкен. Кыргыз элинин музыкасынын мына ушундай өзгөчө белгилеринин келип чыгышы эмнеден? – деген суроо пайда болот. Мында аны төмөндөгүдөй тенденцияларда кароого болот:

1. Кыргыздар Борбордук Азияда жашаган элдерден алда канча эрте жаралып өнүгүп калыптанышында экендигин баамдоого болот (Бартольд В. В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б.: 1996);

2. Кыргыз элинин башка улуттагы элдер менен тез-тез катнашта, байланышта болуу мүмкүнчүлүгү жок, алыскы бийик тоолуу өрөөндөрдү байыр алып, жашоо-тиричилик жүргүзгөндүгүндө экендигин айтууга болот (Уметалиева Ч.Т. Кыргыздардын этногенези: музыка таануу аспекти. – Б.: 2016);

3. Маданият таануучулук ой жүгүртүү аркылуу, кыргыз этномузыкасы тээ байыртадан эле элдин социалдык-тарыхый жашоо-тиричилиги менен жуурулушуп, өз алдынча байланышта өнүгүү менен, нечендеген кылымдардан бери, башка улуттагы элдердин музыкалык маданиятына таасирленбестен, сансыз жылдар бою калыптанып, өзүнө гана мүнөздүү өзгөчө белгилери менен, салт катары бекем сакталып келгендигин көрө алабыз.

Демек, кыргыз элинин салтка айланган элдик музыкасы, аткаруучулук маданиятынын өзгөчөлөнгөн белгилери, бөтөнчө аткаруу ыкмаларынын өзгөчөлүгү, көркөм аткаруучулук манерасы, аткаруучулугунун бийик маданияты бүгүнкү күндөгү элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн салттуулугунун булагы катары эсептелгендигин айтууга болот.

Экинчи бап **“Кыргыз элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрү маданият таануу контекстинде”** деп аталат. Мында элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятына мүнөздүү маселелер: ырчы-обончулуктун өзгөчөлүгү, төкмө-акындыктын бөтөнчөлүгү, манасчылардын айтуучулук касиеттери жана элдик аспаптык аткаруучулугундагы фольклордук жана профессионалдык аткаруучулугунун салттуу өзгөчөлүктөрү тууралуу маалыматтарды камтыган төрт параграфтан турат.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Изилдөөнүн **объектиси** болуп Кыргызстандын маданият системасындагы элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүн кароо саналат. Изилдөөнүн **предмети** болуп, кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын өзгөчөлүктөрү, тарыхыйлыгы, салттуулугу жана өнүгүү процесси эсептелет.

Экинчи баптын “**Элдик ырчы-обончулук өнөр маданиятындагы актуалдуу маселелер”** деп аталган биринчи параграфында, ырчы-обончулук өнөрү өзүнчө өзгөчөлүккө ээ экендиги каралат. Мындай өнөрдүн ээси ырчы, обончу, ошону менен бирге акын да болгондугу, алар обондорду өзүлөрүнүн керемет ыр саптарына жазышкандыгы жана ырчы-обончулардын өнөрү элдин калың катмарына тарап, бүтүндөй турмушу менен эриш-аркакта өнүккөндүгү жөнүндө маалымат берилет.

Ырчы-обончулардын чыгармачылыктарынан элдин жашоосун, жергенин ажайып кооздугун, ыйыктыгын, касиетин чагылдырган патриоттук ырлар менен катар, күйгөн, секетбай өңдүү ашыктык, сүйүү ырлары сыяктуу жанрлары, аларды аткаруунун өзгөчөлүктөрү тууралуу айтылат. Мындай мүнөздөгү ырлардын аткаруу салты, көкөлөтө созолонтуп ырдоодо болгондугу белгиленген. Ар бир ыр, ар бир ырчы-аткаруучунун үнүнө мүнөздүү келүү менен, жогорку аткаруучулук чеберчилигинин табиятына жараша, шайкеш келүү аркылуу жаңырып, анын ажары ачылган. Бул жагдайда, ырчынын жеке эле табият тартуулаган жагымдуу тембрлүү үнү гана эмес, анын эң алды ички көмөкөйлүк сезими, музыкалык шык-жөндөмдүүлүгү, ырдын мазмунуна терең түшүнүү менен жеткире аткаруучулук маданиятынын жогорку деңгээлде болушу талаптуу болгондугу айтылат.

Элдик ырчы-обончулук өнөрүн өркүндөткөндөр да, өзүнчө аткаруучулуктун мектебин аздектешкендиги, чыгармачылыгы бизге келип жеткен Боогачы, Калмурат, Сыртпай, Атай, Муса, Мыскал, Асек сыяктуу

залкарлар, түрдүү мүнөздөгү көптөгөн обондуу ырларды жаратышып, элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн салттуулугун сактап, өнүктүрүү менен мураска калтырышкандыгы тууралуу маалымат берилет.

Элдик ырчылык мектебинин өзүнө мүнөздүү болгон кенен, көкөлөтө созо аткаруучулук мүнөзү салтка айланып, улам кийинки муундарга өтүшү, улуулардын учугун улап Ж. Шералиев, К. Досманбетова, Ж. Чабалдаев, Ж. Шамшиев, Р. Абдыкадыров, К. Тагаев, А. Керимбаев сыяктуу таланттардын жоон тобу улап келгендиги маалымданат. Бүгүнкү күндө, элдик ырчылык аткаруучулук мектебинин өсүп-өнүгүүсү, жаш муундарды аткаруучулук өнөргө тарбиялоо, илгертеден келе жаткан бабалардын ырчылык өнөр мурастарынын, “устат-шакирт” салттуу жолдорунун негизинде жүргүзүлүүсү коюлгандыгы айтылат.

Элдик ырчылык өнөрдү жаратып, сактап, өнүктүрүп келген эл ичинен чыккан чыгаан музыканттардын чыгармаларын угуп, улам кийинки урпактар өздөрүнүн аткаруучулук дараметине жараша, автордун өзүндөй кылып аткарууга, алардын жолун жолдоого аракет жасашып, алардай өнөр ээси болууга бел байлашкандар аз эмес болгон. Бул жагдайда, алар эл ичинде салтка айланган устат-шакирттик жол менен өнөрлөрүн өркүндөтүшкөн. Ар бир ырчы-обончунун өзүнө гана мүнөздүү болгон чыгармачылык күчү, өзүнө гана таандык болгон обончулук дарамети бар. Элдик салттуулугундагы обончулук тилди, ырчы-обончулардын бири-бирине окшоштура албайбыз. Анткени, чыгармачылык чыйыр жолдо, ар бир ырчы-обончу өзүнүн гана аткаруучулук жана чыгармачылык ыкмасын, табигый көркөм каражаттарын таап, аны калыптандырууга жетишкен.

Бүгүнкү күндө, элдик ырчылык аткаруучулук мектебинин өсүп-өнүгүүсү, жаш муундарды аткаруучулук өнөргө тарбиялоо, илгертеден келе жаткан бабалардын ырчылык өнөр мурастарынын, устаттык жана шакирттик салттуу жолдорунун негизинде жүргүзүлүүсү коюлган. Демек, маселе элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн нечен кылымдардан бери, бир муундан экинчи муунга өтүүдө, алардын тектештиги, өзөктөштүгү, үндөштүгү, ыргакташтыгы ошонун менен бирге, аткаруучулуктун салттуулугу жана устат-шакирттик жолу сакталып, тыгыз байланышта өнүгүп келүүсүндө. Мына ушундай шартта гана, аткаруучулук салттуулук да, улуттук өзгөчөлүк да сакталып жашоосун уланта алат. Мына ушундан улам, элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн өнүгүүсү токтолбостон, нукура элдик ырдоо манерасында, көкөлөтө кенен созуп ырдоо салттуулугунун негиздүүлүгү менен, аткаруучулук маданият деңгээлинин бийиктиги, жогорку чеберчилиги сакталат. Мына ушундай өнүгүүнүн натыйжасында, элдик манерада ырдоо ыкмасынын салттуулуктун негизинде жөндөлүшү, кыргыз элинин ырчылык аткаруучулук мектебинин көптөгөн

кылымдар ары эле калыптанып, өнүккөндүгүн билдирет. Бүгүнкү күндө, элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүн улаган жаш муундар, анын салттуулугун сактоо менен аткаруучулук мектебин өнүктүрүү жолуна түшүүдө.

Экинчи баптын "**Элдин руханий жашоосунда орчундуу орунду ээлеген төкмө-акындык өнөрү тарыхый-маданият таануучулук аспектиде**" аттуу экинчи параграфында элдик төкмө-акындардын өзүлөрүнүн чыгармаларын ар кандай жанрларда жаратып, сактап, эл арасына жайылтып, өнүктүрүү маданияты, аларды аткарууда да, салтка айланган түрдүү ыкмаларды колдонушкандыгы, таңдайынан бал тамган, ак таңдай төкмө-акындардын аткаруучулук репертуарынын негизин эл, жер, жашоо-тиричилик жөнүндөгү термелер, алым сабак, айтыштар түзгөндүгү ж. б. аткаруучулук жагдайдагы маселелери тууралуу айтылат. Төкмө акындардын чыгармачылыгында, жеке эле айтыш, алым сабак, термелер камтылбастан, кенже дастандар (эпостор) да кеңири орун алгандыгы, кенже дастандарды айтып, эл ичине таратып, мурас калтыруу төкмө-акындардын чыгармачылыгында салтка айлангандыгы белгиленген.

Төкмө-акындардын чыгармачылыгы жана аткаруучулук маданиятынын өзгөчөлүктөрү тууралуу бир катар тарыхчы-изилдөөчү, музыка таануучу, этнограф окумуштуулар, жазуучулар (С. М. Абрамзон, В. Радлов, Мухтар Ауэзов, В. Виноградов, А. Затаевич, ж. б.) тарабынан ой пикирлер айтылгандыгы белгиленген. Төкмө-акындардын эч даярдыгы жок туруп, ар кандай тема боюнча каалаган убакта ыр берметтерин төгүп ырдашкандыгы, бири-бири менен беттешүүдө чамалуусу чабалыраагын ооз ачырбай жеңишкендиги сыяктуу өзгөчөлүктөрү, алардын аткаруучулук чеберчилик маданиятынын жогорулугу каралат.

XIX кылымдагы бизге даректери кеңири белгилүү болгон Балык, Музооке, Айтыке, Арстанбек, Жеңижок, XIX кылымдын аягындагы XX кылымдын башындагы Токтогул, Эшмамбет, Барпы, Эсенаалы, Абдрахман, XX кылымдын биринчи жарымындагы Калык Акиев, Молдобасан Мусулманкулов, Осмонкул Бөлөбалаев, Алымкул Үсөнбаев, Коргол Досуев ж. б. сыяктуу көптөгөн залкар төкмө-акындар, дастан айтуучулар элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн өсүп-өнүгүшүнө зор салымдарын кошкондугу белгиленген. Алардын ар бири, өздөрүнө мүнөздүү төкмө-акындык өнөрдүн салттуулугун сактап, аткаруучулук маданиятын өнүктүрүшкөндүгү, элдик жалпы төкмө-акындык аткаруучулугунун салттуулугунун негизинде алардын ар биринин төкмө-акындык аткаруучулук мектеби бар экендиги аныкталган.

Төкмө-акындык мектебинде, XIX кылымдын аягында, XX кылымдын башында чыккан, өзүнүн өзгөчөлүгү менен айырмалангандардын бири –

улуу акын, too булбулу Токтогулдун чыгармалары өзүнүн аткаруусунда бизге келип жетпесе да, өзүнө мүнөздүү ыкмаларда, өзүндөй аткаруучулук деңгээлге жеткире аткарган анын шакирттеринен болгон Алымкул Үсөнбаев, Калык Акиев, Осмонкул Бөлөбалаев, алардын шакирттери кийинки муундагы Эстебес Турсуналиев, Ашыраалы Айталиев, Тууганбай Абдиев, Замирбек Үсөнбаев сыяктуу көптөгөн залкар төкмө акындар улантышкандыгы көрсөтүлөт.

Төкмө-акындардын музыкалык-поэтикалык чыгармачылык жана аткаруучулук ишмердүүлүктөрүн, ырларысыз, термелерисиз, айтыштарысыз, алым-сабактарысыз, ошондой эле акындардын аткаруучулугуна мүнөздүү болгон дастан айтуучулук өнөрүсүз, алардын бири-бири менен тыгыз байланыштагы чыгармачыл өнүгүүсүз элестете албайбыз. Демек, мындай көп кырдуу чыгармачылык ишмердүүлүк, элдик төкмө-акындык аткаруучулугунун салттуулугунун негизинде алардын ар биринин төкмө-акындык аткаруучулук мектеби бар экендигин ырасталган.

Кыргыз элинин төкмө-акындык салттуу аткаруучулук өнөрүн, маданият таануучулук аспектиде кароо менен, биз ачык көрүнгөн жыйынтыктуу натыйжаларга жетише алабыз. Мезгилдер кайкып учуп, доор алмашып, улам кийинки муундардын ойчул-философ төкмө-акындары улуулардын учугун улап, элдин жашоо-тиричилигин, орошон ой-толгоолорун, табият-жаратылышты, тарыхый кубулуштарды чыгармачылык жана аткаруучулук маданиятында терең чагылдырышкан. Төкмө-акындардын көркөм сөз өнөрү тууралуу айтууда, биз К. Асаналиев [Асаналиев К. Көркөм нарк [Текст]. – Ф.: Кыргызстан, 1988], М. И. Богданова [Богданова М. И. К вопросу взаимодействия фольклора (из истории кыргызской литературы) [Текст]. – М.: 1962, с. 12], У. Касымбеков [Касымбеков У. Народные эпические традиции генезис кыргызской письменной прозы [Текст]. – Б.: 1992, с. 32], С.Байкожоев [Байкожоев С. Эл ырчысы Калык [Текст]. – Ф.: 1960, 58-70-беттер], Ж.Таштемиров [Таштемиров Ж. Токтогул жана акындык поэзия [Текст]. – Ф.: Илим, 1980, 9-19-беттер] сыяктуу окумуштуулардын негиздүү жана баалуу ой пикирлерин ала алабыз.

Элибизде байыртадан бери социалдык-тарыхый өнүгүү жолунда болгон төкмө-акындык аткаруучулук маданияты, өзүнө гана мүнөздүү гениалдуу сезим-туюму, асыл оюу, бийик маданияты менен өз мезгилиндеги элдин жашоо-турмушун жакшы түшүнө алган. Ошондуктан, акындык-төкмөчүлүк өнөр жалпы эл үчүн көңүл бураарлык болуп, сүймөнчүлүккө айланган. Карапайым элдин сыноосу менен төкмө-акындардын агартуучулук, насаатчылык, ойчулдук кадыр-баркынын жогорулугу менен өзгөчөлөнгөн мааниге ээ болушу, алардын идеялык-чыгармачыл жүзүн

мүнөздөгөн. Мына ушунун тыянагында, жашоодо өз алдынча жеке багыт алуу менен, чыгармачылык өзгөчөлүгү калыптанган. Демек, коом менен жеке чыгармачыл инсандын кызматы, тарыхый өнүгүү жолундагы өнөрчүлүктө ачык көрүнөт. Кандай гана сүрөткер болбосун, анын "инсандыгы" конкреттүү социалдык-тарыхый шарттарга байланыштуу болот. Ошол эле убакта, ал өз мезгилинин эстетикалык идеалдардын, аткаруучулук принциптердин калыптанышына өзүнүн жандуу таасирин тийгизет.

Төкмө-акындар өнөрүнүн өнүгүү тарыхы, чыгармачылык ишмердүүлүк аракеттеринин жолу, жашоосу жалпы эл менен өтө тыгыз байланышта болгондугу, ар бир доордун уламалуу өнөрчүлүгүнүн ортосундагы тыгыз байланышын жана ошону менен бирге, алардын салттык аткаруучулук маданиятындагы принципиалдуу айырмачылык өзгөчөлүктөрүн ырастап турат. Кыргыз элинин төкмө-акындык өнөрү – бул өтө курч, кайталангыс, көркөм өнөр. Ал өзүнүн идеялык-эмоционалдык, образдуу мазмундуулугу, ошондой эле конкреттүү стилдик жүзү менен, баарынан мурда улуттук көз караште негизделген ой-толгоолорго, эстетикалык-көркөмдүк тажрыйбага бай келген, бөтөнчө этикалык жүрүм-туруму менен айырмаланган өзүнө гана тиешелүү мүнөзүн билдирет. Бүгүнкү күндө, Элмирбек Иманалиев, Амантай Кутманалиев, Аала Туткучев, Азамат Болгонбаев сыяктуу жоон топ таланттар төкмө-акындык өнөр салтын улоо менен өркүндөтүүдө.

Экинчи баптын **"Манас" эпосу – кыргыз элинин "Улуу Мурасы" катары жана манасчылардын айтуучулук маданияты"** аттуу үчүнчү параграфында, элдик дастан айтуучулук маданияты жөнүндө сөз болот, эң алды анын алгачкы булактары жөнүндө айтылып, байыртадан бери калыптандыруу менен өнүктүрүп улам кийинки муундардагы урпактарга мурас катары калтырылып, бүгүнкү күнгө чейин сакталгандыгы тууралуу сөз болот. Маданий "Улуу Мурас" кенчинин башы – "Улуу Сөз". Ал эми, "Улуу Сөз" – табият тартуулаган жашоонун башы. Мындай философиялык ой толгоолордун биримдиги, алардын өз ара тыгыз байланышы адам баласынын алга умтулуусуна шарт түзүү менен, анын өнүгүүсүнө өбөлгө болгондугу белгиленет. Кыргыздар байыртадан "акыл калчоону", "сөзгө баа берүүнү", "сөзгө жыгылууну" жана "сөз багууну" барктай билип, баалап келген эл. Мындай сөз Журт атасы Көкөтөй, акылман Бакай, балбан-баба Кошой, бал таңдай ырчы-акын Жайсаң сыяктуу даанышмандарга таандыгы, ошондуктан, эл ичинде "Сөз баккан адам" деген улуу сөз айтылып келгендиги тууралуу маалымданат.

В. Радлов, С. Байгазиев, Ч. Т. Уметалиева сыяктуу окумуштуулар кыргыз сөзү, анын баалуулугу, тээ байыртадан бери кыргыз эли сөздү

таптап айтып, угуп, сөз багып келгендигин айтышат. Ошол элдик оозеки чыгармачылыкта пайда болгон “Улуу Сөз” өнөрү бүгүнкү күндө эки терминде айтылып келет:

1. **Дастан** – бул кыргыз элинин ырчы-акындык өнөрүнүн ичинде, өзүнүн бөтөнчөлүгү менен айырмаланган, кандайдыр бир элдин жашоо-турмушунан алынган тарыхый окуялар чагылдырылган, элдик аспаптын (көбүнчө комуздун, кээде кыл кыяктын) коштоосунда аткарылган музыкалык-поэтикалык чыгармалардын аталышы;

2. **Эпос (epos)** – бул термин кыргыз музыкалык маданиятында XX кылымдын башынан баштап колдонула баштады. **Эпос** – бул грек сөзү экендиги жалпыбызга маалым. Кыргызчага которгондо, ал *аңгеме, болумуш, уламыш* дегенди билдирет. б. а. баатырдык аңгеменин, болумуш-уламыштардын ыр түрүндөгү баяндамасы. Мындай чыгармалардын көлөмдүү келип, өзүнчө терең мазмунга ээ болгондору “дастан” деп аталган. Демек, “эпос” деген сөз кыргызча “дастан” деген түшүнүктү берет. Ошондуктан, элибизде абалтан эле *улуу дастан* жана *кенже дастан* деп эки топко бөлүнүп келгендиги бизге белгилүү.

Бул бөлүмдө элибиздин жашоо-тиричилигин, тарыхын бүтүндөй чагылдырган улуу дастан «Манас» айтуучулук өнөрүнүн өзгөчөлүгү өзүнчө каралат. «Манас» айтуучулуктун кенже дастандарга салыштырмалуу өзүнө гана мүнөздүү касиеттүү өзгөчөлүгү, Манас дүйнөсү, өзүнчө бир касиеттүү керемет дүйнө, анын айтуучулук маданиятынын өзгөчөлүгү, бир эле мезгилде актерлук, ырчылык, акындык, төкмөчүлүк, обончулук, айтуучулук жөндөмдүүлүккө ээ болушунда экендиги каралат. «Манас» дастанын, кандайдыр бир жогору жактан улуу күч аркылуу белги берилип, же түш көрүү аркылуу аян берилген, касиеттүү касиет даарыган, керемет конгон адамдардын бирден-бири гана айта алаары, ал адамга, түшүндүрүп бере алгыс, айтуучулуктун өзгөчө сыры катылган илимдин тили бүткөндүгү, мындай адамдар – ырчы-акындар Жайсаң, Ырамандын ырчы уулу, андан кийинки бизге даректери белгилүү болгон Түлөбердинин, Балыктын, Чоюкенин, Акылбектин, Келдибектин, Тыныбектин, Шапактын, Найманбайдын, Сагынбайдын, Саякбайдын ж. б. ысымдары айтуучулук касиеттеринин бийиктиги менен, эл ичинде уламага айлангандыгы тууралуу маалымат берилет. Алардын ар бири өзүнчө «Манас айтуучулук мектебин» бийик тутушуп, аткаруучулуктун салттуулугун сакталышы, эл ичинде сыноодон өткөн күчтүү айтуучулар “залкар манасчы” же “дастанчы” деген атка конуп, жалпы элге атагы тарагандыгы каралат.

Экинчи баптын “**Элдик аспаптык аткаруучулугундагы фольклордук жана профессионалдык салттуулугунун өз ара байланыштары**” деп аталган төртүнчү параграфында элдик аспаптык

аткаруучулугунун эки түрүнүн: фольклордук жана элдик профессионалдык аткаруучулугунун салттуу түрдө өнүгүүсү каралат. Кыргыз элдик музыкалык аспаптары жана аспаптык музыкасы, оозеки салттуулукта өсүп-өнүккөн элдик музыкалык маданиятынын эң негизги бөлүктөрүнүн биринен болуп эсептелет. Байыркы элдин жашоо-тиричилигин, тарыхын, дүйнө таанымын чагылдырган элдик салттагы аспаптык музыкасы, нечендеген кылымдар ичиндеги муундар аркылуу өзүнө мүнөздүү спецификадагы эстетикалык көрүнүш катары калыптанып, өнүгүп келгендигин айтууга болот. Өзүнүн өнүгүү жолунда, элдик аспаптардын жана аспаптык музыканын фольклордук уламыштарда, болумуштарда кеңири айтылышынан, алардын жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө айлангандыгы белгиленет.

Кыргыз элинин аспаптарынын жаралышы жана аткаруучулук жагдайы жөнүндө, илгертен “Камбаркан” уламышы эл оозунда айтылып, анда Камбар аттуу мергенчи комузду кандайча ойлоп таап, жасагандыгы жана анда эң биринчи күү жараткандыгы, ал күүнүн аты “Камбаркан” аталышы баарыбызга белгилүү болгондугу, ошондой эле элибиздин бүтүндөй тарыхын, жашоо-турмушун чагылдырган “Манас” эпосунан да элдик аспаптардын колдонулуусу тууралуу, ал гана эмес аспаптардын жасалышы, келбети, түзүлүшү жөнүндө кеңири айтылышы маалымданат.

Элдик аспаптык аткаруучулук өнөр – бул, элдин музыкалык маданиятынын негизги маанилүү бөлүгү гана эмес, ошондой эле, көптөгөн кылымдарды өзүнүн ичине камтыган, чыгармачылык жана аткаруучулук тажрыйбасында жашап келген оозеки түрүндөгү салттуу өнөрү катары эсептелгендиги, бул өнөрдүн, эл арасындагы “устат-шакирт” салттуу жолу фольклор менен тектеш экендиги, өткөн кылымдардагы Бука, Балык, Музооке, Арстанбек, Абак, Күрөңкөй, Ниязаалы, Муратаалы, Нусубаалы, Токтогул, Асанбай, Карамолдо, Ыбырай, Атай ж. б. сыяктуу залкарлардын чыгармачылыктары жана аткаруучулук маданияты бизге келип жеткендиги тууралуу маалымат берилет.

Бүгүнкү күндө актуалдуу маселелерден болуп, жаш муундарды аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн “устат-шакирт” жолунун негизинде окутуучулук болуп саналгандыгы, мындай окутуучулукка чыгармачылыктын жана аткаруучулуктун ыкмаларынын жаңы формаларын изденүү мүнөздүү болгондугу бул бөлүмдө ачык көрсөтүлөт. Бул жагдайда маселе, элдик аспаптык аткаруучулуктун профессионалдык багыттагы окутуучулук формасы болуп эсептелгендиги айтылат.

XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башындагы аспаптык аткаруучулукту элдик сүйүүчүлөрдүн жана музыкант-профессионалдардын ишмердүүлүктөрү, анын маңызын терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк

бергендиги, ошондой эле бул маселеге кайрылуу сөзсүз түрдө, аны элдик аспаптык аткаруучулук, жана ошондой эле элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн маданий таануучулук контекстинде кароо менен шартталгандыгы айтылат. Мунун актуалдуу маселелеринен болуп, конкреттүү түрдө элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүн изилдөөнүн керектиги жана анын натыйжасын музыкалык мектептеринде, музыкалык орто жана жогорку окуу жайларындагы окуу процессинде колдонуу эсептелгендиги белгиленет.

Элдик салтуу музыкалык аткаруучулук (ырчы-обончулук, төкмө-акындык, дастан айтуучулук жана аспаптык) маданиятындагы эң маанилүү жагдайлардын бири – бул өнөрлөрдү жаратып, аздектеп, бийик тутуп, барктап, аткаруучулук ыкмаларын өркүндөтүп, профессионалдык жогорку деңгээлге жеткирилиши жана аны улам кийинки урпактарга өткөрүп берүүсү болуп саналат. Бул, кыргыз элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн нечен кылымдар ичиндеги өнүгүү жолунун маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн биринен болуп эсептелет. Бүгүнкү күндө, элдик музыкалык аткаруучулук маданият маселесинин актуалдуулугу мына ушунда.

## КОРУТУНДУ

Корутундуда төмөндөгүдөй жалпы жыйынтыктар келтирилди:

1. Элдик музыкалык аткаруучулук өнөрү – кыргыз элинин бүтүндөй көркөм өнөр маданиятынын эң орчундуу жана негизги бөлүгүнүн бири. Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук – музыкалык ишмердүүлүк менен аткаруучулук маданиятынын узак убакыт бою эриш-аркакта өнүгүшүнүн натыйжасы. Ал кыргыз элинин руханий байлыгын жана маданий мурасын калыптандырып өнүктүрүүгө көмөк берүүчү катары эсептелет;

2. Кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданияты ар түрдүү жанрларда (ырчы-обончулук, төкмө-акындык, дастан айтуучулук, аспаптык аткаруучлук) улуттук салттуулукта өсүп-өнүгүп, бир муундан экинчи муунга өткөрүлүп келген. Улуттун маданий мурасы катары эсептелген бул өнөр маданияты, элдин социалдык жашоо-тиричилигинде узак мезгилдерден бери коомчулуктун өнүгүүсүнө өзүнүн таасирин тийгизген;

3. Байыртадан бери салтка айланган музыкалык аткаруучулук өнөрүн изилдөөдө, маданият таануучулук илимине кайрылуу аркылуу, Кыргызстандын маданий-тарыхый өнүгүү контекстинде көрсөтүү менен, анын салттуулугун, тарыхыйлыгын, өзгөчө белгилерин, элдиктүүлүгүн ачып берилүүсү;

4. Кыргыз элдик музыкалык маданияты, улуттук маданияттын менталдуулугунун өзгөчөлүгүн көрсөтүүсү аркылуу, маданият таануу жана музыка таануу бүгүнкү күндө бири-бири менен эриш-аркакта өнүгүү менен, жаңы идеялардын, изилдөөлөрдүн жана талдоолордун улантылуусу;

5. Элдик салттуу музыкалык аткаруучулуктун эволюциялык процессинин жана аткаруучулуктун тарыхый тажрыйбасынын чыгармачыл ишмердүүлүк менен нечен кылымдардан бери эл ичинде өнүгүп жана сакталып келүүсү, көркөм өнөрдүн башка түрлөрү сыяктуу эле, илим катары таанылып калыптануусу.

6. XX кылымдын аягы, XXI кылымдын башы менен, башка илимий тармактардын катарына элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданияты боюнча олуттуу түрдө талдоо жүргүзүү менен илимий деңгээлде кароо мезгили келди. Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук маданиятын өнүктүрүүдө, анын салттуулугун, өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, тарыхыйлыгын, элдиктүүлүгүн, түрдүү жанрдуулугун ж. б. сапаттарын системалуу түрдө кароо бүгүнкү күндүн талабы. Мындай маселенин козголушу менен, салттык музыкалык аткаруучулук маданиятынын илимий жактан изилденүүсүнүн калыптануусуна көмөк берүүсүнө жана анын өнүгүүсүнө шарт түзүлдү.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгү илимий жыйнактардагы, журналдардагы макалаларда жана окуу китептеринде чагылдырылган:**

1. Касей М. Песенное творчество кыргызов: народная бытовая песня [Текст] / М. Касей // Материалы II Международной научно-практической конференции «Традиционная культура и современное образование: проблемы, традиции, инновации (Абакан, 23-24 октября 2014г.), с. 25.

2. Касей М. Кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын өнүгүүсүнүн салттуулугу [Текст] / М. Касей // “Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана” Республикалык илимий-теориялык журналы, № 9. – Б.: 2016. 216-б.

3. Касей М. Манас дүйнөсү жана “Манас” айтуучулуктун өзүнө гана мүнөздүү касиети [Текст] / М. Касей // “Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана” Республикалык научно-теоретический журнал, № 12. Б.: 2016. 243-б.

4. Касей М. Особенность исторического развития творчества кыргызских акынов-импровизаторов [Текст] / М. Касей // Материалы III Международной научно-практической конференции «Традиционная культура и современное образование: проблемы, традиции, инновации (Абакан, 20-21 октября 2016г.), с. 11.

5. Касей М. Музыкалык аткаруучулук өнөр – маданияттын маанилүү тармактарынын бири катары [Текст] / М. Касей // “Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана” Республиканский научно-теоретический журнал, № 2. – Б.: 2017. 157-б. http://www.science-journal.kg

6. Касей М. Кыргыз салттык музыкалык аткаруучулук маданиятынын өзүнө мүнөздүү белгилери [Текст] / М. Касей // “Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары”. Илимий-теориялык журнал, № 2 (42). – Б.: 2017. 59-б.

7. Касей М. Кыргыз элдик ырчы-обончулук аткаруучулук маданиятынын өзгөчөлүктөрү [Текст] / М. Касей // “Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары”. Илимий-теориялык журнал, № 2 (42). –Б.: 2017. 67-б.

8. Касей М. О характерных чертах комузного исполнительского искусства [Текст] / М. Касей // Universum: филология и искусствоведение. Научный журнал, № 6 (40), – Москва 2017, с. 20. URL: http://7universum.com/ru/philology\archive/item/4932

9. Касей М. Кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын тарыхый өнүгүүсүнүн маанилүүлүгү [Текст] / М. Касей // “Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары”. Илимий-теориялык журнал, № 1 (44). – Б.: 2018. 98-б.

10. Касей М. Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрү маданият контекстинде [Текст] / М. Касей // “Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары”. Илимий-теориялык журнал, № 1 (44),– Б.: 2018. 103-б.

11. Касей М. Кыргыз элдик ырчы-обончулардын аткаруучулук өнөрүнүн салттуу түрдө өнүгүүсү [Текст] / М. Касей // “Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана” Республиканский научно-теоретический журнал, № 2. – Б.: 2018. 201-б. http://www.science-journal.kg

12. Касей М. Төкмө-акындардын чыгармачылыгындагы “айтыш” жанрынын өзгөчөлүктөрү [Текст] / М. Касей // “Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана” Республиканский научно-теоретический журнал, №2. – Б.: 2018. 207-б.

13. Касей М. Кыргыз элинин төкмө-акындык өнөрү тарыхый-маданият таануучулук аспектиде [Текст] / М. Касей // КР УИАнын кабарлары. Илимий-теориялык журнал. № 2. – Б.: 2018. 117-б. ilimbasma@mail.ru

14. Касей М. Кыргыз элдик ырчылык аткаруучулук өнөрү элдин руханий жашоосундагы тарыхый-маданий контекстинде [Текст] / М. Касей // “Наука и инновационные технологии”. НАН КР. Научный и информационный журналы, № 2/2018(7), с. 50. www.intuit.kg

15. Касей М. Элдик музыкалык аткаруучулук өнөр чыгармачылык ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү катары [Текст] / М. Касей // “Известия вузов Кыргызстана” Республиканский научно-теоретический журнал. № 3, 2018, с. 120. http://www.science-journal.kg

16. Касей М. Особенности исторического развития кыргызского народно-певческого исполнительского искусства [Текст] / М. Касей // Научно-методический журнал “Проблемы науки”, № 8 (32). – М.: 2018, с. 64. Российский импакт-фактор: 0,17 [elibraru.ru] //HTTPS://SCIENCEpROBLEMS.RU//

17. Касей М. О значении исторического развития музыкально-исполнительской культуры кыргызов [Текст] / М. Касей // Сб. материалов Международной научно-практической конференции на тему “Искусство маком и его роль в мировой цивилизации”. – Ташкент, 6-7 сентября 2018г., с. 62.

18. Касей М. Манасчы-сказитель как носитель кыргызского музыкально-поэтической культуры [Текст] / М. Касей // Традиционная культура и современное образование: проблемы, традиции, инновации. Материалы IV Международной научно-практической конференции. Россия, Абакан, 18-19 октября 2018г., с. 20;

19. Касей М. Элдик музыкадагы фольклордун жана профессионалдык аткаруучулуктун салттуулугу [Текст] / М. Касей // КР УИАнын кабарлары. Илимий-теориялык журнал. № 2. – Б.: 2019, 109-б. ilimbasma@mail.ru

20. Касей М. Кыргызские музыкальные инструменты как носители национальной культуры народа [Текст] /М. Касей // Научно-теоретический журнал “Наука, образование и култура”, № 9 (53). – М.: 2020, с. 49-56. Российский импакт-фактор: 0,17 [elibraru.ru] http://scientificarticle.ru/arhiv-zhurnala-nauka-obrazovanie-i-kultura.html

21. Касей М. Кыргызское народно-певческое исполнительство и пути его сохранения и развития [Текст] / М. Касей // Научно-теоретический журнал “Наука, образование и култура”, № 10 (54). – М.: 2020, с. 45-50. Российский импакт-фактор: 0,17 [elibraru.ru] http://scientificarticle.ru/arhiv-zhurnala-nauka-obrazovanie-i-kultura.html

22. Касей М. Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхы. Окуу китеби. – Б.; “Т. Сарыбаев” басмаканасы, 2015, 406 б.

23. Касей М. Кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүнө окутуунун усулу [Текст] / М. Касей // Окуу куралы. – Б.; “Т. Сарыбаев” басмаканасы, 2015, 168 б.

24. Касей М. Кыргыз элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнө окутуунун усулу [Текст] / М. Касей // Окуу куралы. – Б.; “Т. Сарыбаев” басмаканасы, 2015, 182 б.

25. Касей М**.** Кыргыз элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхы [Текст] / М. Касей // Окуу китеби. – Б.; “Полиграфбумресурсы” басмаканасы, 2017, 480 б.

26. Касей М. Аспап таануу [Текст] / М. Касей // Окуу китеби. – Б.; “Полиграфбумресурсы” басмаканасы, 2017, 248 б.

**Муратбек Касейдин “Салттык музыкалык аткаруучулук өнөр Кыргызстандын маданият системасында” темасындагы 24.00.01 – маданияттын теориясы жана тарыхы адистиги боюнча маданият таануу илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**


**Негизги сөздөр:** маданият, музыкалык аткаруучулук, салттык музыка, музыкалык мурас, аспаптык аткаруучулук, ырчылык аткаруучулук, аткаруучулук маданият, музыкалык чөйрө, музыка таануу, маданият таануу, аспап таануу.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргызстандын маданият системасындагы элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүн кароо саналат. **Изилдөөнүн предмети** болуп кыргыз элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын өзгөчөлүктөрү, тарыхыйлыгы, салттуулугу жана өнүгүү процесси эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты.** Маданият таануучулук талдоонун негизиндеги элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын өнүгүүсүнүн тарыхый маанилүүлүгүн, өзгөчөлүктөрүн жана ага мүнөздүү белгилерин ачып берүү саналат.

**Изилдөөнүн методдору.** Диссертацияда каралган маселелерди даректүү материалдарда изилдөөгө багытталган системалык методу кирет жана диалектикалык метод колдонулган.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** элдик музыкалык аткаруучулук өнөрү боюнча төмөнкү маселелердин эң алгачкылардан болуп каралуусу менен аныкталат:

-Кыргызстандын маданият системасындагы элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн маданият таануу изилдөөлөрүнүн объектиси болуп каралуусу;

- Элдик салттуу музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн маданият таануучулук менен байланышы. Анда элдик музыкалык аткаруучулук маданиятынын өзгөчөлүктөрү жана өзүнө гана мүнөздүү белгилеринин көрсөтүлүшү;

- Элдик музыкалык аткаруучулук өнөрүнүн тарыхый-маданий контекстинде көрсөтүлүүсү менен, аткаруучулуктун формаларына, салттуулугуна, тарыхыйлыгына, жекечелүүлүгүнө, элдиктүүлүгүнө, өзгөчөлүк айырмачылыктарына маани берилиши;

- Элдик ырлардын, залкар ырчы-обончулардын жана төкмө-акындардын кыргыз радиосунун алтын казынасына жазылып алынган ырларын, айтыштарын, күүлөрүн эң алгачкыдан болуп нотага түшүрүү менен, алардын ар бирине мүнөздүү келген аткаруучулук ыкмалары, стилдери, өзгөчөлүктөрү, айырмачылыктары каралды;

- Элдик салттуу музыкалык аткаруучулугунда, элдик аспаптык аткаруучулуктун эки салттуу түрүнүн: фольклордук жана профессионалдык аткаруучулугун ачып берүү.

**Изилдөөнүн натыйжаларын колдонуу чөйрөсү.** Диссертациянын материалдары, теориялык жана идеялык принциптери, натыйжалары музыка таануу, маданият таануу, фольклор, этнография, ж. б. илим-изилдөө ишмердүүлүктөрүндө колдонууга болот. Заманбап музыкалык маданият таанучулук илимий жыйынтыктарга негизделген материалдар ар кандай искусство жана музыкалык тармактарын изилдөөдө пайдаланууга көмөк берет.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Муратбека Касей на тему: “Искусство традиционного музыкального исполнительства в системе культуры Кыргызстана”, представленной на соискание ученой степени кандидата культурологии по специальности 24.00.01 – теория и история культуры.**

**Ключевые слова:** культура, музыкальное исполнительство, традиционная музыка, музыкальное наследие, инструментальное исполнительство, песенное исполнительство, исполнительская культура, музыкальная область, музыковедение, культурология, инструментоведение.

**Объектом исследования** является рассмотрение традиционного музыкального исполнительства в целостной системе культуры Кыргызстана. **Предметом исследования** является процесс развития, традиционность, историчность и особенности кыргызской музыкальной исполнительской культуры.

**Целью исследования** является культурологический анализ исторической значимости народной музыкальной исполнительской культуры, а также раскрытия её особенностей и отличительных черт.

**Методы исследования.** В диссертации используется системный метод для исследования поставленных проблем, а также используется диалектический метод.

**Научная новизна исследования** подтверждается рассмотрением последующих задач:

- Рассмотрение традиционного музыкального исполнительского искусства в системе культуры Кыргызстана в качестве объекта исследования;
- Взаимосвязь традиционного музыкального исполнительства с культурологической наукой. А также выявление особенностей народной музыкальной исполнительской культуры и её отличительных черт;
- Раскрытие особенностей народного музыкального исполнительского мастерства в историко-культурном контексте, одновременно обнаруживая такие его свойства, как специфика формы, традиционность, историчность, своеобычие, народность;
- Рассмотрение особенностей исполнительского стиля, технических приемов күү, состязаний акынов, песен, записанных в золотой фонд кыргызского радио от акынов-импровизаторов (Токтогул, Эсенаман, Жеңижок, Барпы, Осмонкул и др.), и выдающихся певцов-мелодистов (Муса Баетов, Атай Огонбаев, Асек Жумабаев, Мыскал Өмүрканова и др.);
- Выявление двух сторон в традиционном музыкальном и инструментальном исполнительстве, как народное (фольклорное) и профессиональное. Народные песни и күү считать основой фольклорной музыки. Показан постепенный переход народного песенного, акынского и инструментального профессионального исполнительского мастерства в академическое русло.

**Сфера применения результатов исследования.** Материалы, теоретические принципы, идеи и выводы диссертации можно использовать в области музыкознания, культурологии, фольклоре, инструментоведении, этнографии и другой научно-исследовательской деятельности.

### SUMMARY

**Muratbek Kasey's dissertation on " the Art of traditional musical performance in the cultural system of Kyrgyzstan", submitted for the degree of candidate of cultural studies in the specialty 24.00.01-theory and history of culture.**

**Keywords:** culture, musical performance, traditional music, musical heritage, instrumental performance, song performance, performing culture, musical field, musicology, cultural studies, instrumentation .

**The object** of the study is to consider traditional musical performance in the integral system of culture of Kyrgyzstan. **The subject** of the study is the process of development , tradition, historicity and features of the Kyrgyz musical performing culture.

**The purpose** of the study is to analyze the historical significance of folk music performing culture, as well as to reveal its features and distinctive features.

**Method** of research. The dissertation uses a systematic method to study the problems posed, as well as a dialectical method.

**The scientific novelty** of the study is confirmed by the consideration of the following tasks:

- Consideration of traditional musical performance art in the Kyrgyz cultural system as an object of research;
- The relationship of traditional musical performance with cultural science. As well as identifying the features of folk music performing culture and its distinctive features;
- Disclosure of the features of folk musical performance in the historical and cultural context, while revealing its properties such as specificity of form, tradition, historicity, originality, nationality;
- The peculiarities of his style, techniques küü, contests akyns songs recorded in the Golden Fund of radio of the Kyrgyz akyns-improvisers (Toktogul, Esenaman, Zhenishok, Barpy, Osmonkul, etc.) and outstanding singer-melodist (Musa Baetov, Athy Ogonbaev, Asek Zhumabayev, Myskal Omurkanova etc.);
- Identification of two sides in traditional musical and instrumental performance, both folk (folk) and professional. Folk songs and kuu are considered the basis of folk music. The article shows the gradual transition of folk song, akyn and instrumental professional performing skills into the academic channel.

**The scope of application of the research results.** The materials, theoretical principles, ideas and conclusions of the dissertation can be used in the field of musicology, cultural studies, folklore, instrumentology, ethnography and other research activities.

Өлчөмү 60x84 1/16. Көлөмү 1,5 б.т.
Офсет кагаз. Офсеттик басуу. Нускасы 100.

«Сарыбаев Т.Т.» Ж.И.
Бишкек ш., Раззаков көч, 49
т. 0 708 058 368
e-mail: talant550@gmail.com